**Эл аралык Кувейт университетинин**

**"Педагогика жана колдонмо информатика" кафедрасынын**

**№ 1 отурумунун протоколу**

**21-август 2024-жыл**

**Бишкек шаары**

Отурумдун төрагасы: Ибраев А.Д.

Отурум онлайн форматта өттү.

**Катышкандар:**

Проф. Бабаев Д.Б., проф. Джаркимбаева Ч.Т., ага окут. Сарыбаева С.С., проф. Абласов К.Дж., доц. Зулпуева К.А., доц. Мурзаев Н.Т., доц. Машанова А.С.

**Күн тартиби:**

1. "Педагогика жана Колдонмо информатика" кафедрасынын башчылыгына А.С. Машанованын кандидатурасын сунуштоо.

**Угулду:**

Эл аралык Кувейт университетинин "Окуу иштер жана илим" боюнча проректору А.Д.Ибраев күн тартибине коюлган маселе боюнча кыскача маалымат берди:

Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, 2024-жылдын август айында "Педагогика жана колдонмо информатика" кафедрасынын башчысынын кызмат ордуна жарыяланган ачык конкурска катышуу үчүн арыз жана талап кылынган документтер, кафедра мүчөсү, п.и.к., кафедра доценти А.С.Машановадан келип түшкөн. Конкурска катышуу максатында башка эч кимден арыз түшпөгөндүгүнө байланыштуу А.С.Машанованын кандидатурасын сунуштайм.

**Сөзгө чыккандар:**

**Д.Б.Бабаев:** Айнур Сапарбаевна биздин университетте 5 жылдан бери иштейт. Ак ниет, ак эмгеги менен ийгиликтерге жетишип келет. Жогорку кесипкөйлүгү менен жаш муундарды тарбиялоого зор салым кошууда. А.С.Машанаованын кандидатурасын колдойм.

**Ч.Т.Джаркимбаева**: Мен А.С.Машанованын талапкерлигин колдойм, анткени ал билим берүү тармагына өзүнүн көп жылдык кесипкөй ак эмгегин жумшайт. Кафедранын жылдык пландарын өтө жоопкерчиликтүү аткарат.

**Дж.К.Абласов:** Мен дагы А.С.Машанованын кандидатурасын колдойм, ал көптөгөн китептердин жана илимий макалалардын автору. Педагогика илимине кошкон салымы чоң. Коллективде чоң кадыр-баркка ээ.

**Зулпуева К.А:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Айнура Сапарбаевнанын талапкерлигин колдойм.

**Сарыбаева С.А:** Мен дагы кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Айнура Сапарбаевнанын талапкерлигин колдойм.

**Машанова А.С:** Саламатсыздарбы урматтуу кафедра мүчөлөрү, конкурс жарыялангандан кийин эч ким документтерин бербеген соң, мен өзүмдүн документтеримди тапшыргам. Кафедрада педагогикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө кафедранын окутуучуларынын иш тажрыйбасын изилдеп, жалпылап, эгер

кафедрага жаңы баштаган окутуучулар келген болсо, окуу-методикалык жардам көрсөтүүгө, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону жетектегенге бүт аракетимди, билимимди жумшайм. Илимий-педагогикалык курамда көптөгөн градациялар бар, демек кафедрада саат бирдей бөлүштүрүүдө, организационный моменттерде ушул ырааттуулукту калыс сактаганга аракет кылам.

Биздин кафедра бүтүрүүчү (выпускающий) кафедра эмеспи, андыктан студенттердин практикасын аткарууну, темаларды бекитүү, илимий жетекчини дайындоо аркылуу курстук иштерди, дипломдук иштерди жана коргоону уюштуруп, көзөмөлдөп турганга, педагогикалык процессти моралдык-психологиялык жактан камсыз кылууга бүт аракетимди жумшайм.

Университеттин уставында көрсөтүлгөн бүт закон, жоболордун чегинде иштейбиз. Колдоп, онлайн заседаниеге чыгып берген коллегаларыма ыраазычылык билдирем.

**Күн тартибинде коюлган маселе талкуулангандан кийин кафедра төмөндөгүдөй токтом кабыл алды.**

**Токтом:**

1. А.С.Машанованын талапкерлиги жактырылсын.
2. 2024-жылдын 26-августунда боло турган конкурстук комиссиянын отурумунда А.С.Машанованын берилген арызы каралсын.

**Эл аралык Кувейт университетинин**
**"Педагогика жана колдонмо информатика" кафедрасынын**
**№ 2 отурумунун протоколу**

**Бишкек шаары** **10-сентябь 2024-жыл**

Отурумдун төрайымы: Машанова А.С.

Отрумдундун катчысы: Мустапаева К.

Отурумдун башталышы: 9.00

Отурумдун бүтүшү:10.00

**Катышкандар:**

Проф. Бабаев Д.Б., проф. Джаркимбаева Ч.Т., доц. Зулпуева К.А., доц. Машанова А.С. доц.Акмолдоев Т.Ж., ага окут. Тургунбаев Э.Т., ага окут. Сарыбаева С.А., ага окут. Курманалиева Р.А.

**Чакырылгандар:**

Эл аралык Кувейт университетинин "Окуу иштери жана илим" боюнча проректору Ибраев А.Д.

**Күн тартиби:**

Саламатсыздарбы урматтуу кафедра мүчөлөрү, бүгүнкү кафедранын отурумунда 5 маселе каралат:

1. Сааттык жүктөмдөрү бөлүштүрүү, ОМК, рабочая программа, силлабус, педагогикалык процессти моралдык-психологиялык жактан камсыз кылуу.
2. Окутуу процессинде, билим берүү системасынын динамикалуу өнүгүшүн, кафедранын эффективдүү ишин уюштуруу.
3. Кафедранын негизги стратегиялык максаттары.
4. Кафедранын профессору, п.и.к. Ч.Т. Джаркимбаеваны Жогорку Кенештин Ардак грамотасына көрсөтүү.
5. Ар түрдүү масалалер.

**1. Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Урматтуу кесиптештер, сааттык жүктөмдөрдү бөлүштүрүүдө бардыгыңыздарга калыс бөлүндү. Бирок окутуучу-профессордук курамдын жетишпегендигине байланыштуу

1. Э.К. Тургунбаевге 1.5 ставка + ашыкча 0.25 ставка;
2. С.А.Сарыбаевага 1.5 ставка + ашыкча 0.25 ставка;
3. Т.Б. Акмолдоевке 1.5 ставка + ашыкча 0.25 ставка;
4. Ч.Т. Джаркимбаевага 1.5 ставка + ашыкча 0.25 ставка; жана 2024-2025-окуу жылында окутуучу Б. Жакишева «Куракка байланыштуу анатомия, физиология жана гигиена» дисциплинасы боюнча сабак берүүдөн баш тарткандыгына байланыштуу 119,2 жүктөмдү саатык төлөмгө штаттык окутуучу А.С. Машановага берилгени жөнүндө окуу жайдын "Окуу иштери жана илим" боюнча проректору А.Д. Ибраевге билдирме берилди.

Андан сырткары, окуу жайдын илимий кеңешинин 2022-жылдын 2-декабрында кабыл алынган № 2 протоколунун "Кафедра жөнүндө жобо"сунун 4.9. пунктунда көрсөтүлгөндөй сырттан айкалыштырып иштеген окутуучу-профессордук курамына пассивдүү сааттардын бөлүнүшүнө тыйуу салынат. Бирок, башында айтылып өткөндөй кафедрада окутуучу-профессордук курамдын жетишпегендигине байланыштуу пассивдүү сааттар сырттан айкалыштырып иштеген окутуучуларга да бөлүндү.

Быйылкы окуу жылында биздин “Педагогика жана Колдонмо инфрматика” кафедрасы багыт боюнча аккредитациядан өтөт, демек бардык кафедранын окутуучу-профессордук курамы Силлабус, Жумушчу программа (РП), Окуу-методикалык комплекс (УМК) карап, жаңылап чыгууңуздарды өтүнөм, лекционные, практические, тестовые задание ар бир предметтен даярдап баштагыла, Ар бир окутуучу жылдык окуу планынарды критетийлери менен даярдаңыздар.

**Сөзгө чыккандар:**

**Угулду:**

**Бабаев Д.Б:** Мен кафедранын 2024-2025- окуу жылындагы сааттык эсебинин профессор-окутуучуларга бөлүштүрүлүшү менен таанышып чыктым. Саттар туура бөлүштүрүлгөн. Адистер да туура тандалган.

**Ч.Т.Джаркимбаева**: Мен да сааттардын бөлүштүрүлүшү, штаттык расписание менен таанышып чыктым. Туура бөлүштүрүлгөн. Албетте, эгер кафедрада окутуучу-профессордук курам жетишпеген учурда, жетекчилерге билдирүү менен кайрылып ашыкча сааттарды бөлүштүрүү зарыл. Себеби окуу процесси үзгүлтүккө учурабашы керек.

**Кафедра башчысы А.С.Машанова:** Кийин окуу жылына кафедрага штаттык орунга окутуучу каралып жатат.

**2. Отурумдун экинчи маселеси боюнча“Окуу иштери жана илим” боюнча проректору А.Д. Ибраев кыскача маалымат берди.**

Саламатсыздарбы урматтуу кафедра мүчөлөрү, билим беруу процессинде, билим беруу системасынын динамикалуу өнүгүшүн, кафедранын эффективдуу ишин уюштуруу. Өзүңүздөр билгендей азыркы учурдун талабы, билим беруу системасын санариптештирүү. Нарын, Ош обулустары «санарип мугалим» -деген проектен өтүптүр, окуу процессинде жаңы технологияларды колдонуу учурдун талабы. Бул боюнча пландар бар, тренингдерди уюштуруу боюнча, демек, улуу кичүү дебей өздөштүрүү азыркы замандын талабы. Заманбап педагогикалык методикаларды жана технологияларды киргизүүгө бүт аракетитинерди жумшап окуу жайдын ишин, окуу процессин эффективдүү жүргүзүү керек.

**Сөзгө чыккандар:**

**Угулду:**

**Бабаев Д.Б:** Кафедранын негизги стратегиялык максаттарын, илимий изилдөөлөрүн жана инновациялык проектерди өнүктүрүүгө өз салымыбызды кошобуз.

**Ч.Т.Джаркимбаева**: Албетте, кафедранын жумушун, кафедра мүчөлөрү биргеликте, ынтымактуу аткарабыз.

**3. Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Урматтуу коллегалар “Кафедранын негизги стратегиялык максаттары” боюнча мен кафедранын комплекстүү планына киргиздим. Буюрса окуу жыл ичинде сиздердин жардамыңыздар менен ишке ашырабыз.

**4.Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги төртүнчү маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына, кафедранын профессору, педагогика илимдеринин кандидаты Джаркимбаева Чынара Токтошевнанын талапкерлигин көрсөтүү. Көп жылдык ак ниет эмгеги, жогорку кесипкөйлүгү, жаш муундарды тарбиялоого кошкон зор салымы үчүн Чынара Токтошевнанын талапкерлигин көрсөтөм.

**Сөзгө чыккандар:**

**Угулду:**

**А.Д. Ибраев п.и.к., доцент:** Мен Ч.Т.Джаркимбаеванын талапкерлигин колдойм, анткени ал өзүнүн көп жылдык кесипкөйлүгүн билим берүү тармагына ак ниеттүүлүк менен жумшайт.

**Бабаев Д.Б п.и.д.,профессор:** Мен дагы Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерлигин колдойм, ал көптөгөн китептердин жана илимий макалалардын автору. Чанара Токтошевнанын педагогика илимине кошкон салымы зор.

**Раимкулова А.С. п.и.д., профессор** Мен дагы Чынара Токтошевнанын кемчиликсиз эмгеги, жогорку кесипкөйлүгү жана өз кесипке берилгендиги үчүн, педагогиканын өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерлигин колдойм.

**Зулпуева К.А п.и.к., доцент:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Ч.Т. Джаркымбаеванын талапкерлигин колдойм.

**Исакова Ж.А. п.и.к., доцент:** Мен Чынара Токтошевнанын педагогика жана психология илимине кошкон зор салымы үчүн Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерлигин колдойм.

**Абдураимова М.А. ф-м.и.к., доцент:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерди колдойм.

**Чепекова Г.С. п.и.к., доцент:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Ч.Т.ДЖаркымбаеванын талапкерлигин колдойм, ал өз ишинин профессионал адиси жана жаш мугалимдерге үлгү.

**Камбаралиев У.Ж ага окутуучу:** Мен көп жылдар бою Чынара Токтошевна менен чогуу иштеген адам катары эженин адамгерчилиги, устаттыгы үчүн, насаатчы катары баа жеткис адам, ошондуктан Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерлигин колдойм.

**Сарыбаева С.А. ага окутуучу:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерди колдойм.

**Курманалиева Р.А. ага окутуучу:** Мен кесиптештеримдин пикирине кошулам жана Ч.Т.Джаркымбаеванын талапкерди колдойм.

**Джаркинбаева Ч.Т п.и.к., окуу жайдын профессору:** Урматтуу кесиптештер, мени колдоп, жогорку дэңгээлде баалаганыңыздар үчүн рахмат.

**Күн тартибиндеги маселелер талкуулангандан кийин кафедра төмөндөгүдөй токтом кабыл алды.**

**Токтом:**

1. "Педагогика жана колдонмо информатика" кафедрасынын 2024-2025-окуу жылы үчүн сааттык эсеби, кафедранын профессордук-окутуучулар курамы жана окуу жүктөмдөрү, штаттык расписаниесин бекитүү ЭКУнун ОМКсынан суралсын.
2. 2024-2025-окуу жылына карата кафедранын иш планын талкууланып бекитилсин.
3. Проф-окутуучулардын ОМК жана силлабустары түзөтүүлөрдү киргизүү шарты менен бекитилсин.
4. Кафедранын профессору, п.и.к. Ч.Т. Джаркимбаеванын Жогорку Кенештин Ардак грамотасына көрсөтүү жактырылсын.

Мугалимдердин тизмеси жана саттары төмөндө көрсөтүлгөн:

1. Байсеркеев А.Э. (профессор) : **216 саат. 0,25 ставка**
2. Джаркимбаева Ч.Т. (профессор) : **1236 саат.1,75 ставка**
3. Абласов К.Дж. ( профессор) : **194,8 саат. 0,25 ставка**
4. Чекиров К.М. ( профессор) : **395,60 саат. 0,5 ставка**
5. Бабаев Д.Б. ( профессор) : **853,60 саат. 1,25 ставка**.
6. Раимкулова А.С.. ( профессор) : **330,40 саат. 0,5 ставка**.
7. Зулпуева К.А. (доцент) : **1050 саат. 1,5 ставка**.
8. Ибраев А.Д. ( доцент) : **179,20 саат. 0,25 ставка.**
9. Акмолдоев Т.Б. ( доцент) : **613 саат. 0,75 ставка.**
10. Хидирова Ч.Х. ( доцент) : **383,20 саат. 0,5 ставка**.
11. Чепекова Г.С. ( доцент) : **362,00 саат. 0,5 ставка.**
12. Исакова Ж.Ж. ( доцент) : **382,40 саат. 0,5 ставка.**
13. Абдраимова М.А. ( доцент) : **603 саат. 0,75ставка.**
14. Сейдекулова К.С. ( доцент) : **405,20 саат. 0,5 ставка.**
15. Таирова К.А. ( доцент) : **172,8 саат. 0,25 ставка.**
16. Машанова А.С. ( доцент) : **852,40 саат. 1,25 ставка**
17. Мекенбаев Б.Т. ( доцент) : **411,6 саат. 0,5 ставка.**
18. Абыкеев К.Ж. ( доцент) : **384,2 саат. 0,5 ставка.**
19. Сарыбаева С.А. ( ст.преп.) : **1446,2 саат. 1,75 ставка.**
20. Тургунбаев Э.К. (ст.преп.) : **1457 саат. 1,75 ставка.**
21. Камбаралиев Ү.Ж. ( ст.преп.) : **1236 саат. 1,5 ставка**.
22. Курманалиева Р.А. (ст.преп.) : **421,2 саат. 0,5 ставка.**

**Почасовой фонд : Машанова А.С. – 119,4**

**"Педагогика жана КИ" кафедрасынын башчысы** — Машанова А.С.

**Катчы** — Мустапаева К.

«Педагогика жана Колдонмо Информатика» кафедрасынын
кенейтилген отурумунун

## Катышуу баракчасы.

| № | Аты-жөнү | Колу |
|---|---|---|
| 1. | Бабаев Д.Б. | |
| 2. | Чепекова Г.С. | |
| 3. | Кембаренков У.И | |
| 4. | Джаркимбаева Ч.Т | |
| 5. | Зулпуева У.А | |
| 6. | Чекиров К.М | |
| 7. | Ибраев А.Д. | |
| 8. | | |
| 9. | | |
| 10. | | |
| 11. | | |
| 12. | | |
| 13. | | |
| 14. | | |
| 15. | | |
| 16. | | |
| 17. | | |
| 18. | | |
| 19. | | |
| 20. | | |
| 21. | | |
| 22. | | |

**Выписка из протокола №2**

г. Бишкек 10.09.2024г.

**Заседание кафедры «Педагогика и Прикладная информатика».**

**Председатель:** Зав кафедрой Машанова А.С. кандидат пед.наук, доцент кафедры.

**Секретарь:** Лаборант кафедры Мустапаева К.Н.

**Присутствовали:** 12 человек

**Отсутствующих:** нет

**Приглашённые:** Проректор Международного Кувейтского университета по учебной работе и науке, к.п.н., доцент Ибраев Алмазбек Дуйшокович.

**Начало заседании кафедры** – 9.00

**Окончание заседании кафедры** – 10.00.

**Повестка дня**

4-вопрос. Выдвижение кандидатуры на Почетную грамоту Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, профессора кафедры, кандидата пед.наук Джаркимбаеву Чынару Токтошевну.

**Слушали:**

1. **Машанова А.С.** зав.кафедрой, кандидат пед.наук. доцент кафедры. За многолетний добросовестный труд, высокий профессионализм, весомый вклад в дело воспитания подрастающего поколения, я предлагаю Чынару Токтошевну на Почетную грамоту Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.
2. **Ибраев А.Д.** проректор по учебной работе и науке, кандидат пед.наук. Я поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т., так как она добросовестно вкладывает свой многолетний профессиональный труд в систему образования.
3. **Бабаев Д.Б.** доктор пед.наук. профессор. Я тоже поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т., она является автором многих книг и научных статьей. Она внесла огромный вклад в науку.
4. **Раимкулова А.С.** доктор пед.наук. профессор (онлайн). Я тоже поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т. За безупречную работу, высокий профессионализм и верность призванию, за весомый вклад в развитие педагогики.
5. **Зулпуева К.А.** кандидат пед.наук. доцент кафедры. Я согласна с мнениями своих коллег и поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т.
6. **Исакова Ж.А.** кандидат пед.наук. доцент (онлайн). Поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т. за весомый вклад в науку по педагогике и психологии.
7. **Абдураимова М.А.** кандидат матем.наук. доцент (онлайн). Согласна с мнениями своих коллег и поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т.
8. **Чепекова Г.С.** кандидат пед.наук. доцент (онлайн) Согласна с мнениями своих коллег и поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т., она профессионал своего дела и образец для подражания молодым педагогам.
9. **Камбаралиев У.Ж.** Ст.преподаватель. Я как человек вместе проработавший многие годы вместе поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т за её человечность и наставничество.
10. **Сарыбаева С.А.** Ст.преподаватель. Поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т.
11. **Курманалиева Р.А.** ст. преподаватель. Поддерживаю кандидатуру Джаркимбаевой Ч.Т.
12. **Джаркинбаева Ч.Т.** профессор кафедры, кандидат пед. наук. Уважаемые коллеги спасибо за поддержку и высокую оценку моей скромной персоны.

**Решили:**

Решением кафедры «Педагогики и Прикладной информатики» Международного Кувейтского университета, принято единогласно представить на получение почётной грамоты Жогорку Кенеша КР, Джаркимбаеву Чынару Токтошевну профессора кафедры, кандидата пед. наук.

**Заведующий кафедры:** **Машанова А.С.**

**Эл аралык Кувейт университетинин**
**“Педагогика жана колдонмо информатика” кафедрасынын**
**№ 3 отурумунун протоколу**

**Бишкек шаары** **8-октябрь 2024-жыл**

Отурумдун төрайымы: Машанова А.С.
Отрумдундун катчысы: Мустапаева К.
Отурумдун башталышы: 9.00
Отурумдун бүтүшү:10.00

**Катышкандар:**

Проф. Бабаев Д.Б., проф. Джаркимбаева Ч.Т., доц. Зулпуева К.А., ф-м.и.к., проф. Чекиров К.М., доц. Машанова А.С. доц.Акмолдоев Т.Ж., ага окут. Тургунбаев Э.Т., ага окут. Сарыбаева С.А., ага окут. Курманалиева Р.А.

**Чакырылгандар:**

Эл аралык Кувейт университетинин “Окуу иштери жана илим” боюнча проректору Ибраев А.Д.

**Күн тартиби:**

Бүгүнкү кафедранын отурумунда 3 маселе каралат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 “Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун аткаруу максатындагы буйругунун негизинде, билим берүү уюмунун локалдуу ченемдик документтерин жобого ылайык келтирүүгө:
- конкреттүү адистик/багыт боюнча жумуш ордунда окутуу формаларын аныктоо;
- конкреттүү адистик/багыт боюнча окуу пландарына/ билим берүү прграммаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- жумуш ордунда окутуупун тиешелүү формасын уюштуруу жөнүндө иш берүүчүлөр менен келишимдерди түзүү;
- иш берүүчү менен биргеликте жумуш ордунда окутуу программасын, адистик/багыт боюнча жумушчу окуу планын, окуу прцессинин жылдык календардык графигин, билим берүү процессин камсыз кылуу боюнча иш чаралар планын жана жогоруда аталган Жободо каралган докуметтерди иштеп чыгуу жана бектүү;
- педагогикалык багыттар/адистиктер боюнча окуучуларга ээ болуучу багыт/адистиги боюнча окууну жана эмгек ишин айкалыштырууга, ошондой эле эгерде алар жүзөгө ашырып жаткан кесиптик иш дуалдык окутуунун билим берүү программасынын талаптарына ылайык келсе, иштеген жери боюнча дуалдык окуудан өтүүгө укук берүү.
2. Магистердик диссертациялардын жана дипломдук иштердин темаларын аныктоо жана бекитүүгө берүү.
3. ГАКтын, магистратура жана бакалавриаат бөлүмдөрүнүн “Практикалык программа”ларын иштеп чыгуу жана студенттердин, магистранттардын практика өтүүчү билим берүү мекемелери менен келишимдерди узарзуу жана кырдаалга жараша өзгөртүү. (для самоотчета акредитации)
4. Ар түрдүү маселер.

1. **Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, бүгүнкү отурумдун биринчи маселеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383

“Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун аткаруу максатындагы буйругунун негизинде, билим берүү уюмунун локалдуу ченемдик документтерин жобого ылайык келтирүү боюнча 5 пункт бар экен. Бул маселени “Окуу иштери жана илим” боюнча проректор Алмаз Дүйшокович маалымат берип, кафедра мүчөлөрүнө түшүндүрмө берип койсоңуз.

**Сөзгө чыккандар:**

**Угулду:**

**Ибраев А.Д п.и.к., доцент:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 “Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун аткаруу максатындагы буйрук келип түштү. Бул буйруктун негинде көрсотүлгөн пункттарды карап кафедра мүчөлөрү биргеликте конкреттүү адистик/багыт боюнча жумуш ордунда окутуу формаларын аныктап, кафеданын жобосун иштеп чыгуу керек. Кандай кылып окутабыз? Бул жерде чоoң ойлонуучу нерсе турат, жумуш ордунда окутуу формаларына карап студенттерди таппай да калбашыбыз керек. Жобону иштеп чыгууда болгон сунуштарыбызды, пикирлериңерди ортого салышыбыз зарыл. Бул буйрук бүт мамлекетибиздин окуу жайларына тийешелүү. Жобонун негизги максаты, баягыдай эле студенттерди бир аудиторяга камап алып окутуу болбош керек дегенди билдирет. Керек болсо жумуш ордунда окутуу, мен бир пунктун окуп коеюн: “педагогикалык багыттар/адистиктер боюнча окуучуларга ээ болуучу багыт/адистиги боюнча окууну жана эмгек ишин айкалыштырууга, ошондой эле эгерде алар жүзөгө ашырып жаткан кесиптик иш дуалдык окутуунун билим берүү программасынын талаптарына ылайык келсе, иштеген жери боюнча дуалдык окуудан өтүүгө укук берүү”. Мисалы, бир студент келип, “Мен бул жерде иштеп жатам “-десе биз эч нерсе кыла албайбыз, Министрлер Кабинетинин буйругу турат. Ал студентти кетире да албайбыз, мына ушул жерде чоң маселе жатат. Эми, кафедра жобо иштеп чыга бергиле, ар бириңер сунушуңуздарды бериңиздер, Анан формасын аныктоо боюнча кандай кылыбыз? Бул да ойлончу нерсе, моделин иштеп чыгасыздарбы, анан талкууга коюп, бир чечим кабыл алабыз.

**Угулду:**

**Проф. Бабаев Д.Б.,** Саламатыздарбы кесиптештер, Алмаз Дуйшокович туура айтасыз, идея жакшы, анан буйрук, сөзсүз түрдө аткаруу керек. Бул боюнча менин оюм, ар бир студент менен индивидуалык түрдө иштеш керек. Эгерде бир мектепте биздин окуу жайдан 7-8 студент болсо, ошол мектептин жетекчилери менен суйлошуп, бир аудитория алып ошол мектепке барып сабак өтүш керек.

**Угулду:**

**ф-м.и.к., проф. Чекиров К.М.** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, азыркы учурда мектептерде математика, физика, география предметтеринен мугулимдер катастрофически жетишпейт. Бул боюнча чындыгында талапка жооп берген жобо иштеп чыгып министерствого жибериш керек.

**Угулду:**

**Джаркинбаева Ч.Т п.и.к., окуу жайдын профессору:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Туура, буйрукту аткаруу баарыбыздын милдетибиз. Чындыгында аябай ойлонуучу жагдай болуп турат. Себеби жумуш орунда окутуу формасына өтө турган

болсок, окуу процесси үзгүлтүккө учурабашы керек. Сабактын жүрүшүн көзөмөлдөө кыйын болуп калат, ошондуктан жобону иштеп чыгууда чийки болуп калбаш керек.

2. **Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Коллегалар, Пед(б)-1-21 тайпасынан 15 студент, ал эми сырттан окуу бөлүмүндө Пед(з)(д)-1-20 тайпасынан -17 студент бүтүрүүчү квалификациялык иш жазышат. Сиздер берген темалардын баарын магистранттардын жана студенттердин группасна салдык. Студенттер өздөрү тема менен кошо жетекчини тандап алышты. Көрүп чыгып талкууга алсаңыздар. 2024-2025- окуу жылында Педм (з)(д)-1-24 группасына 15 магистрант кабыл алынды магистрдик диссертацияларын темаларын окуу методикалык кеңешине сунуштообуз үчүн талкууга алсаңыздар. Ошондой эле курстук иштердин темалары менен таанышып чыгып, өз пикирлериңиздерди айта кетсеңиздер.

**Угулду:**

**Джаркинбаева Ч.Т п.и.к., окуу жайдын профессору:** Мен студенттердин 2024-2025- окуу жылындагы курстук, бүтүрүүчү квалификациялык жана магистрдик иштердин темалары менен таанышып чыктым.Темалар жакшы тандалган.

**Чекиров К.М.** Темалар менен тааныштык. Кабыл алууга болот. Колдойм. (Бардыгы:каршы эмеспиз)

**Күн тартибиндеги маселелер талкуулангандан кийин кафедра төмөндөгүдөй токтом кабыл алды.**

**Токтом:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 "Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун аткаруу максатындагы буйруктун негизинде, кафедранын жобосу иштелип чыгарылсын.
2. 2024-2025 - окуу жылындагы курстук иштердин темалары жана жетекчилери бекитилсин, 2024-2025 -окуу жылындагы бүтүрүүчү квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын темалары жана жетекчилери окуу методикалык кеңешине сунушталсын.

"Педагогика жана КИ"
кафедрасынын башчысы Машанова А.С.

Катчы Мустапаева К.

**«Педагогика жана Колдонмо Информатика» кафедрасынын кенейтилген отурумунун**

## Катышуу баракчасы.

| № | Аты-жөнү | Колу |
|---|---|---|
| 1. | Бабаев Д. Б. | |
| 2. | Чепекова Г.С. | |
| 3. | Камбаралиева Ч.Н. | |
| 4. | Джаркимбаева Ч. Т. | |
| 5. | Зулпуева Ч. А. | |
| 6. | Чекиров К.М. | |
| 7. | | |
| 8. | | |
| 9. | | |
| 10. | | |
| 11. | | |
| 12. | | |
| 13. | | |
| 14. | | |
| 15. | | |
| 16. | | |
| 17. | | |
| 18. | | |
| 19. | | |
| 20. | | |
| 21. | | |
| 22. | | |

Эл аралык Кувейт университетинин
"Педагогика жана колдонмо информатика" кафедрасынын
№ 4 отурумунун протоколу

**Бишкек шаары** **16-ноябрь 2024-жыл**

Отурумдун төрайымы: Машанова А.С.
Отрумдундун катчысы: Мустапаева К.
Отурумдун башталышы: 12:00
Отурумдун бүтүшү:13:00

**Катышкандар:**

Проф. Бабаев Д.Б., проф. Джаркимбаева Ч.Т., доц. Зулпуева К.А., проф. Чекиров К.М., доц. Машанова А.С., доц. Чепекова Г.С., ага окут. Сарыбаева С.А., Камбаралиев Ү.Ж.

**Күн тартиби:**

Бүгүнкү кафедранын отурумунда 4 маселе каралат:

1. "Педагогик жана КИ" кафедрасынын 2024-2025-окуу жылында аккредетациядан өтүү каралгандыгына байланыштуу, аккредетациялык агенттиктердин талабы боюнча, кафедранын иш кагаздарын кыргыз жана орус тилинде иштеп чыгуу.
2. Кафедранын мугалимдерин МКУнун, Билим жана Илим министрлигинин, КР Министрлер Кабинетинин, КР Жогорку Кеңешинин, КР Предентинин Ардак грамоталарына көрсөтүү.
3. Авторлор, К.А.Зулпуева, С.К. Калдыбаев, А.Д. Ибраевтердин "Санарип Дидактика" аттуу китебин кароо жана басып чыгарууга сунуштоо.
4. Ар түрдүү маселер.

1. **Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, 2024-2025 окуу жылында өтүүчү аккредетацияга кафедранын иш кагаздарын (жумушчу программа РП, Силлабус, УМК ж.б.) кыргыз жана орус тилинде болуусун жетекчилер тарабынан милдеттендирилип жатат. Мен өз оюмду айтып кетейин андан соң сиздер ойлоруңуздарды билигизсеңиздер.

Менин оюмча 1 предметти 2 мугалим бөлүп алса кандай дейсиздер. Мисалы : "Педагогика" предметин кыргызча вариантын мен даярдасам, орус тилинде Джаркимбаева Ч.Т. иштеп чыкса. Сиздердин оюңуздар кандай?

**Сөзгө чыккандар:**

**Угулду: Бабаев Д.Б:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер негизи бүт иш кагаздары мамлекеттик жана расмий тилде болуусу боюнча маселе мамлекет тарабынан туура көтөрүлүп жатат. Бизде орус тилдүү группалар да бар болгонуна байланыштуу орус тилиндеги иштелип чыккан варианты бар, ошондуктан ар бир мугалим өзү берген предмет боюнча 2 тилде тең өзү даярдаса жемиштүү болот.

**Джаркинбаева Ч.Т:** Саламатсыздарбы, туура, бул маселе дайыма мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп келет. Бирок, ар бир окутуучу өзү окуп жаткан дисциплина боюнча даярдалчу болсо, 9-10 предметтен окуп жүргөн окутуучуларга кыйын болуп калатко.

**Бабаев Д.Б:** Туура айтасыз, андай көп дисципина бөлүнгөн окутуучулар мүмкүн болушунча иштеп чыгып, калгандарын кийинки окуу жылына иштеп чыкса болот.

2. **Кафедра башчысы А.С.Машанова күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча кыскача маалымат берди:**

Коллегалар, ченемдик-укуктук документ, анын талаптарына ылайык окуу процесстерин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик стандарттарынын негизинде, **4-**

**стандарт, 4.5. критерийи** боюнча “Билим берүү программасы окутуунун инновациялык методдорун жана илимий-изилдөө иштерин ишке ашыргандыгы үчүн педагогдорду сыйлоо усулдарына жана каражаттарына ээ”. Ал эми **6-стандарттын 6.4 критерийи** боюнча “Билим берүү программасы окуу процессинде жана өндүрүштө кызматкерлердин жана окуучулардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын колдонуу боюнча сыйлоо системасын колдонот” – деп турат. Кафедрабыздын окутуучуларына стимул берүү үчүн МКУнун, Билим жана Илим министрлигинин, КР Министрлер Кабинетинин, КР Жогорку Кеңешинин, КР Предентинин Ардак грамоталарына көрсөтүүгө болот. Бул боюнча өз ойлорунарды айтсаңыздар.

**Угулду: Джаркинбаева Ч.Т:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер, бул сунуш ар бир окутуучуга моралдык жактан стимул болот. Мен толук кошулам, Айнура Сапарбаевна бул сунушу менен ректорго кирип чыкты, “Акча менен болбосо дагы ушундай жол менен окутуучуларга стимул берип туралык” - деп. Ректор да колдоду, менин оюмча 1 грамотага 2 мугалимди көрсөтпөй, кезек менен болсо жакшы. Мен А.С. Машанованы МКУнун Ардак граммотасына жана С.А. Сарыбаеваны Билим жана Илим министрлигинин Ардак граммотасына көрсөтүүнү сунуштайм. Себеби, Айнура Сапарбаевна биздин университетте эмгектенгенине 6 жылдын жүзү болду, бирок кафедрага ак эмгеги менен, адилеттүү иш алып баргандыгына карабай, бир да жолу грамота, ыраазычылык кат алган эмес.

